ИСКУССТВО

УДК:730
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-10-17

**Ирсалиева Н. А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Siren312@mail.ru
**Артыков К.Дж.**
профессордун м.а.
КРдин эл артисти
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
kadyraly@mail.ru

# Б.К. СЫДЫКОВДУН КЫРГЫЗ СКУЛЬПТУРАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ КОШКОН САЛЫМЫ ЖАНА АНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация.** Макалада скульптура жаныры жөнүндө жалпы түшүнүк жана Кыргыз монументалдык скульптуралар жөнүндө маалымат каралып, аларга колдонулуучу материалдар менен жасалуучу техникалык каражаттары менен тааныштык. Искуксствонун бул түрүнүн жогорку денгээлде өсүшүнө салым кошкон, улуттук көркөм маданияттын көрүнүктүү ишмери, Кыргыз республикасынын Эл сүрөтчүсү Б.К. Сыдыковдун чыгармачылык ишмердиги менен тааныштык. Белгилүү скульптордун колунан көптөгөн көрүнүктүү эмгектери жаралган. Кыргыз скульптурасын өнүктүрүүдөгү монументалдык чыгармачылык изденүүлөрү менен жараткан кээ бир чыгармалары кыргыз элинин атактуу балбаны Каба уулу Кожомкулдун эстелиги, Улуу агартуучу И. Арабаевдин айкели, Айкөл Манастын эстелигине токтолдук. Кыргыз элинин белгилүү инсандардынын скульптуралык чыгармаларда ар кандай материалдар менен чагылдырып, алардын ар бирине ошол кылымдагы өзүнө тийешелүү болгон баатырдык, айкөлдүк, даанышмандык образдарды жаратып, элге тартуулаган.

Сүрөтчү өзүнүн скульптуралык чыгармаларында руханий дүйнөнү, айлана-чөйрө жөнүндөгү ойлорду, анын эстетикалык идеяларын, фантазияларын чагылдырган. Бул скульпуралык чыгармалары ачык асман алдында койулуп, Кыргызстанга арналган. Талантуу сүрөтчү, Б.К. Сыдыков скульптуранын Кыргызстанда калыптануусуна жана өсүүсүнө эбегейсиз зор салым кошкон. Кыргыз скульптурасы бүгүнкү күндө сапаттык жактан өнүгүшү, жаратмандардын чыгармачылыгындагы көп кырдуу концепциялары алардын өзгөчөлүктөрү боюнча боордош элдердин искусстволору менен ат салышып, эл аралык аренага чыккан. Бул жаштарды эстетикалык жактан тарбиялоого, элдин улуттук руханий маданиятын, өнөр – казынасы менен тааныштырууга аларды ар тараптан өнүккөн, инсанды тарбиялоого, адистик багытка даярдоого чакырат. Ошондой эле анын талыкпаган уюштуручулук жана коомдук ишмердигинин, кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун тагдырына жана келечегине болгон камкордугугун аркасында чон-чон чыгармачылык ийгиликтерди багындырганына күбө болдук.

**Негизги сөздөр:** бедиз, скульптуралык техника, силуэт, монументалдык скульптура, статуя, бюсст, рельеф, пластикалык форма, байкоо жөндөмү.

**Ирсалиева Н.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Siren312@mail.ru
Артыков К.Дж.
и.о.профессора
народный артист КР
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
kadyraly@mail.ru

# ВКЛАД Б.К. СЫДЫКОВА В РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСКОЙ СКУЛЬПТУРЫ И ЕГО ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ

**Аннотация.** В статье рассмотрено общее представление о скульптурном духе и сведения о кыргызских монументальных скульптурах, ознакомились с техническими средствами, изготовленными с приложенными к ним материалами. Познакомились с творческой деятельностью видного деятеля национальной художественной культуры, Народного художника Кыргызстана Б. К. Сыдыкова, способствующего росту этого вида искусства на высоком уровне. Многие выдающиеся работы созданы знаменитым скульптором. Некоторые произведения, созданные им монументальными творческими поисками в развитии кыргызской скульптуры, – памятник известному борцу кыргызского народа Каба уулу Кожомкулу. Великому просветителю Статуя И. Арабаева, мы остановились на памятнике Айколу Манасу. Изображал известных личностей кыргызского народа различными материалами в скульптурных произведениях, создавал и преподносил публике образы героизма, великодушия и мудрости, которые трогали каждого из них в том столетии.

В своих скульптурных работах художник изображал духовный мир, мысли об окружающей среде, его эстетические представления, фантазии. Эти скульптурные работы были помещены под открытым небом и посвящены Кыргызстану. Талантливый художник, Б. К. Сыдыков внёс огромный вклад в становление и рост скульптуры в Кыргызстана. Кыргызская скульптура сегодня, качественное развитие, многогранные концепции творцов в их творчестве, по своим характеристикам конкурировали с искусствами братских народов и выходили на международную арену. Также призывает к эстетическому воспитанию молодежи, приобщению к национальной духовной культуре народа, к искусству, сокровищам, всячески их развивать, воспитывать личность, готовить к специальному направлению. Мы стали свидетелями большого творческого успеха благодаря неустанной организаторской и общественной деятельности, заботе о судьбе и будущем кыргызского изобразительного искусства.

**Ключевые слова:** скульптура, скульптурная техника, силуэт, монументальная скульптура, статуя, бюст, рельеф, пластическая форма, наблюдательность.

**Irsalieva N. A.**
senior lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
Siren312@mail.ru
**Artykov K.J.**
acting professor
people's artist of the Kyrgyz Republic
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
kadyraly@mail.ru

# CONTRIBUTION B.K. SYDYKOV IN THE DEVELOPMENT OF KYRGYZ SCULPTURE AND HIS ACTIVITIES

**Annotation:** The article examines the general idea of the sculptural spirit and information about Kyrgyz monumental sculptures, familiarized with the technical means made with the materials attached to them. We got acquainted with the creative activities of a prominent figure in national artistic culture, Peoples Artist of Kyrgyzstan B.K. Sydykov, who contributes to the growth of the type of art at a high level. Many outstanding woks were created by the famous sculptor. Some of the works he created through monumental creative searches in the development of Kyrgyz sculpture are a monument to the famous fighter of the Kyrgyz people Kaba uulu Kozhomkul. Statue of I. Arabaev to the great enlightener, we stopped at the monument to Aikol Manas. He despicted famous personalities of the Kyrgyz people using various materials in sculptural woks, created and presented to the public images of heroism, generosity and wisdom that touched each of them in that century.

In his sculptural works, the artist depicted the spiritual world, thoughts about the environment, its aesthetic ideas, and fantasies. These sculptural woks were placed outdoors and dedicated to Kyrgyzstan. A talented artist, B. K. Sydykov made a huge contribution to the formation and growth of sculpture in Kyrgyzstan. Kyrgyz sculpture today, qualitative development, multifaceted concepts of creators in their work, in their characteristics competed with the arts of fraternal peoples and entered the international arena. He also calls for the aesthetic education of young people, familiarization with the national spiritual culture of the people,
art, treasures, developing them in every possible way, educating the individual, preparing them for a special direction. We heve witnessed great creative success thanks to tireless organizational and social activities, concern for the fate and future of Kyrgyz fine rt.

**Keywords:** sculpture, sculptural technique, silhouette, monumental sculpture, statue, bust, relief, plastic form, observation.

Скульптура – (латын тилинен sculptura –кесем, дегенди билдирет) – искусствонун нерсени көлөмдүү элесин тартуучу түрү. Бедиз деп да аталат. Склптуралар ар кандай түрлөргө бөлүнөт: – станоктук, монументальдык, монументалдуу көрүнүштөгү-декоративдүү скульптура жана майда пластикалык. Скульптуралык чыгармаларда табияттын реалдуу кубулуштарын чагылдырат, негизи чыгарманын изилдөө обьектиси катары адамдын дене түзүлүштөрү изилденет. Адамдын сырткы кебетесин жаратуу менен бирге анын ички дүйнөсүн чагылдырууга жетишүүгө болот. Адамдын мүнөзүн кылык жоругун жана

психологиялык абалын алып чыгууга болот. Ал эми жаныбарлар дүйнөсүн чагылдыруу болсо, анималистик жаныр түзөт. Скульптуранын материалдары таш, марамор, акиташ, гранит, жыгач, сөөк, металл (коло, жез, темир), чопо, бышырылган чопо (керамика, фаянс, форфор), гипс ж.б. түзөт [3,б.15].

Монументалдык скульптура – скульптуранын эн байыркы түрлөрүнүн бири. Монументалдык скульптурага – бир фигуралуу жана көп фигуралуу композициялар, атчандардын эстеликтери, мемориалдык ансамблдер, көрүнүктүү инсандардын жана окуялардын элесине арналган эстеликтер, мемориалдык статуялар, бюссттар, рельефтер кирет. Монументалдык скульптура алыскы аралыктан кабыл алынууга ылайыкталган, ал (гранит, коло, жез, ж.б.) материалдардан жасалып, чон ачык аянттрда коюулат. Архитектура жана жаратылыш пейзажы менен тыгыз байланышкан скульптуранын бир түрү, монументальдык – декоративдик скульптура деп аталат [8,б.41].

Кыргыз скульптурасынын жана монументалдык искусствосунун тарыхы ири чебердердин ысымдарына бай. 1920-жылдардын орто ченинде Кыргызстанга келген венгриялык сүрөтчүлөр Бела Уитц жана Ласос Месарош искусствонун бул жаңы түрүнүн баштоочулары болушкан. Скульптура уламдан улам өнүктүрүлүп республиканын борборунда монументалдык чыгармалар орнотула баштайт. Белгилүү эмгектердин ичинен Эмен багындагы Данк обелиски (Г. Айтиев, И.А. Люблинский), генерал-майор И.А. Панфиловдун эстелиги (О.М.Мануилова, А.Мануилов), эркиндик бульварындагы А.Н. Иваницындин бюстун (А.Н. Людагин), М. Куренкеевдин, Тоголок Молдо жана Ж. Бөкөнбаевдин бюсттарын (О.М. Мануилова) айрыкча айта кетүүгө болот [1.б.68].

Скульптура техникасы – скульптуралык чыгармаларды аткарууда автордун өзү колдонгон жол-жобо, жөндөм, ыкмалардын жыйындысы. Кээде скульптуралык техникасына кол өнөрчлүк мүнөздөгү репродукциялык ыкмалар менен жолдору кошулат (мисалы, скульптуралык түп нусканы куюу); ал эми иш үстүндө мындай чыгармачыл эмес каражаттар көркөм искусствонун техникасы эмес, технологиясына таандык. Бедиз техниканын негизги түрлөрүн эң маанилүүлөрү – жабыштырып чаптоо, оюп, жонуп жасоо. Жабыштырып чаптоо каражаттарын скульптор натура менен болгон бардык иштеринде колдонот: мисалы, эскизди аткарууда, модель жасоодо, катуу материалдарды иштетүүдө (таш, металл, жыгач жана башкалар) ишти биринчи даярдоо баскычында жабыштырып чаптоо техникасы толугу менен автордуку боюнча кала берет. Жонуп, оюп жасоо чыгармачыл чыгармачыл техника болушу мүнкүн же аткаруунун таза репродукциялык каражаты болуп кала берет [5].

Скульптура жашообузда кандай роль ойнойт? Искусство таануучу В.В. Ермонская «Скульптураны түшүнүүнүн негиздери» деген китебинде мындай деп жазган: «Эгер кайсыл бир адамдан скульптура эмне экенин билеби деп сураса, албетте, ооба» деп жооп берет. Ал эми скульптура деген сөз эмнени түшүндүрөт, кайсыл уулу скульпторлордун ысмымдарын билет, скульптура искусствосунун өзгөчөлүктөрү кандай деп сурасаңыз, баары эле жооп бере алдайт. Скульптура искусствосу сулуулукту чагылдырып, ал өз кезегинде бизин аң-сезимибизди, табитибизди, сулуулук жөнүндөгү идеяларыбызды калыптандырат. Ар бир маданияттуу адам аны түшүнүүгө үйрөнүшү керек жана бул жаатта көз карашын кеңейтиши керек деген [7,б.35].

Скульптура көркөм сүрөт искусствосунун башка түрлөрү сыяктуу эле студенттерди эстетикалык жана көркөм табитке тарбиялап, алардын келечегиндеги ишмердүүлүгүнө олуттуу негиз түзөт. Ар түрлүү социалдык жана өндүрүштүк чөйрөлөрдө көркөм билим берүү эстетикалык сезимдерди, эмоционалдык мамилени калыптандырууга гана багытталган эмес

курчап турган дүйнөгө, ошондой эле жандандыруу студенттердин ой пикирин, жөндөмүн өнүктүрүчү активдүү чыгармачылык. Скульптуралык чыгармаларды жасоодо пластикалык форма жана ар кандай материалдар менен иштөөнү, көздүн каныгуусун, кол менен иштөө жөндөмүн үйрөтөт. Ошондой эле анатомияны окуп үйрөнүүдө, сүрөтчүнүн байкоо жөндөмүн жогорулатып, ал изилдеп жаткан моделдин өзгөчөлүктөрүнүн айырмалап билет. Чарльз Дарвин айтуусунда «улуу живопись жана скульптура чеберлери укмуштуудай кылдат байкоочулар» деп жазганы бекеринен эмес [2.б.103].

Скульптура күнүмдүк жашоодо бардык жерде кездешет. Мисалы: улуу инсандардын жана шаарлар коргоочулардын мономенталдык статуялары, архитектураны коодогон рельефтер, эстетикалык, жарашыктуу бакча скульптуралары ж.б. кирет.

Кыргызстанда профессионалдык скульптуранын жаралышы XX-кылымдын 30-жылдарынын ортосуна туура келет. Бул жылдары улуттук маданиятын тез өнүгүшү менен мүнөздүү болгон.

Педагогикалык университетте скульптура курсу мугалимдин кесиптик педагогикалык даярдыгынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Окуу дисциплинасы катары скульптуранын максаты реалистик искусствонун мыйзамдарын изилдөө, образдуу жана пластикалык ой жүгүртүүнү калыптандыру жана анын натыйжасында студенттерге чыгармачылык жана педагогикалык иш үчүн зарыл болгон жөндөмдөрдү. Б.Э. Капланский айтуусунда скульптура сабагында «окууда форма сезимин өнүктүрүү жана пропорциялар, анын көркөм маданиятынын деңгээлин жогорулатуу» деген [4,б.55].

Биздин жашообуздагы скульптура дүйнөсү жаркын жана ар тараптуу берилген. Көптөгөн кылымдар бою талантуу усталар өз эмгектерин жаратып келишет. Ошондой скульпторлорубуздун бири маданиятын мыкты кызматкери, билм берүүнүн отличниги, Кыргыз республикасынын Эл сүрөтчүсү Сыдыков Базарбек Кимбилдиевич.

Базарбек Кимбилдиевичтин көптөгөн чыгармалары бар, анын Кыргыз скульптурасына опол тоодой салымы бар белгилүү адам. Анын чыгармаларынын барына токтоло кетүү мүнкүн эмес, алардын ичинен тарбиялык мааниси чон болгон эки-үч чыгармасына токтоло кетсек.

Биринчи И. Арабаевдин айкели, бул эстелик 2002-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин баш кенсесинин мандайында койулган. Бул айкел Талас шарынан чон боз граниттен таш алынып келинип ошол таштан И. Арабаевдин айкели жасалып чыгарылып койулган. Таш менен иштөө өтө кооптуу, муну жасоого сегиз-тогуз ай эмгек жумшалган. Айкелдин башы адамдын башынан 3 эсе чон болуп, 66 сантиметирди түзсө, айклидеги көрсөтүлгөн тулку бою менен 1мерт 20 сантиметр болуп жасалган. 1-сүрөт. Автор муну менен өзүнүн профессионал чыгармачылыгын көрсөтүп, иши аркылуу университтин денгээлин да алдыга жылдыра алган десек да болот. Бул да болсо Базарбек Кимбилидиевичтин кесибин сүйгөн чыгармачыл адам экенин дагы бир жолу айгенелеп тургандыгын көрөбүз.

Экинчи токтоло кетүүчү чыгармасы эки жылдан кийин, 2004-жылыдын 14-декабрда Бишекек шаарындагы Спорт сарайдын алдында Кожомкулдун эстелиги койулган. Аны Кожомкул фондунун жана «Байтур» корпорациясынын пезиденти Тынчтыкбек Конушбаевдин заказынын негизинде конкурс жарыяланып ага 40 дай скульптор катышкан, алардын ичнде Базарбек Кимбилдиевич да болгон. Ал эки варианттагы иш алып барып, анын экинчи варианты комиссия тарабынан жактырылып, азыркы турган иши жасалган. Кожомкулдун эстегигинин архитектору Байназаров Сергей Ишбулатович болсо, скульптору Сыдыков Базарбек Кимбилдиевич.



*1-сүрөт. И. Арабаевдин айкели.*

Бул скульптуралык чыгарманы караганда аттын жонунан ылдый көздөй түшүрүлгөн жабдыгы, жука материал менен жабылгандай көрсөтүлгөн. Бул катуу материалга жука, женил нерсени көрсөтүү өтө эле кыйын экендигин, барыбыз эле билебиз. Бул материалга кыял ойуму түшүрүлгөн. Негизи эстеликти көбүнчө элдер мандайынан эле карап көрүшөт, бирок бул эстеликти бардык жагынан карап байкоого болот. Бул жерден Д. Диронун «Скульптуралык чыгармаларды көрүүчүнүн аны колу менен крамап көрүүгө, анын көлөмүн жана үч өлчөмдүүлүгүн сезүүгө болт деп айтакан сөзүнө токтолсок болот.

Биринчиден скульптуралык чыгармалардын үстүндө иштеш үчүн, чыгармачылык иштерди жаратууда сөөктөрдүн жана булчундардын түзүлүшү, формасы жөнүндө жакшы окуп блиши керек. Эстеликти арткы жагынан карганда, аттын буттары чыналып турганын, такаларынан бери даана көрүнөт, мындай чон өлчөмдөгү иште, майда бөлүкчөлөрүн көрсөтүү, оңой иш эместиги барыбызга маалым.

Эстеликти мандайынан караганда, жеңил бир нерсени көтөрүп тургандай, атты так көтөрүп, мен жендим, атты көтөрө алдым, деген баатырды көрсөк, ошол эле убакта, түз турбастан бир аз эңкейип аттын оор салмагын көтөрүп тургандыгын, оң же сол жагынан караганда, кыймылдуу басып келаткан баатырды көрө алабыз.

Скульптуранын постаменти башкача айтканда астынкы тумбасын Сергей Бийназаров да жакшы чечкен. Анда даназалуу алп балбанга кыргыз элине түбөлүк таазим, Тыныч Конушбаев деп жазылган. Пастоментинин бийиктиги 4 метр болсо, эстеликтин бийиктиги 8,5 метр, жалпы жерден эстеликтин башына чейин жалпы бийиктиги 12.5 метрлик иш жасалган. 2-сүрөт.

Эстеликтин ичи каркас арматура менен жасалып, бүткөндөн кийинки салмагы 3 тонна болгон. Ал Казакстандан алынып келген жезден жасалган. Эстеликти жасап тургузууга баш – аягы 3,5 миллион сом жумшалган. Мындай чоң оор салмактагы ишти жасоо кандай кана эмгекти талап кылары көрүнүп турат. Бул чыгарма Роза Исакова Отунбаевадан тарабынан Жогорку кеңештин ардак граматасы жана ганарарлар менен сыйланган.

Белгилей кетүүчү дагы бир чыгарма Айкөл Манастын эстелиги. 2011-жылы ошол учурдагы Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаевич Акаевдин демилгеси менен Бишкек шаарына Манастын, Суймөнкул Чокморовдун, Чынгыз Айтматовдун, Толомүш Океевдин эстликтерин койдуруу боюнча конкурс жарыяланган. Ага жыйырма жетидей сүрөтчү, айкелчилер катышы, эскиздерин койушкан, комиссия тарабынан баардык иштер

каралып ошонун ичинен Манастын жана Ч. Айтматовдун эстеликтери женип чыгып жасоого берилген. Бул жерде дагы Базарбек Кимбилдиевич Манастын Айкелин эскизи женип чыккан.



*2-сүрөт. Каба уулу Кожомкулдун эстелиги*

Айкөл Манастын эстелиги Бишкек шаарындагы Ала-Тоо аянтында орнотулган, ал коло материалдан калындыгы 1 сантиметр болуп жасалып, чыгарманын салмагы 12 тонна болгон. Астынкы тумбанын бийиктиги 14 метр болсо, эстеликтин бийиктиги 9 метр 60 сантиметр, жалпы 23 метр бийиктикте жайгашкан (3-сүрөт). Мындай чон өлчөмдөгү иш өтө чеберчиликти талап кылган. Бул эмгеги үчүн Эмгек синирген ишмер деген наам алган.



3-сүрөт. Айкөл Манастын эстелиги.

Базарбек Кимбилдиевичти чыгармачылыгын сырлары, Кожомкул баатырдын жана Айкөл Манастын эстеликтеринде, портреттин өзүн эле эмес, аладры образдуу, кошумча нерселер менен мисалы Манаска атты кошуп жасалышы, жасалышы боюнча дагы, монументалдуулугу боюнча дагы жалпыланып, стилдешкен мааниде скульптордук чыгармаларга өз көз карашы, өздүк почерки менен айырмаланган чыгармаларды жараткан. Мындай чыгармаларды жаратууда анатомияны окуп үйрөнүү аркылуу, сүрөтчүнүн байкоо

жөндөмүн жогорулап, ал изилдеп жаткан моделдин улуттук баалуулуктары, өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

Скульптуралык чыгармаларды жаратууда чон бийиктиктерге, ийгиликтрге жетүү үчүн моделдөө жана сүрөт тартууну мектептен үйрөтүү, скульптуралык кол өнөрчүлүктүн негиздерин өздөштүрүү, келечекти өнүктүрүү үчүн окутуу процессинде сүрөтчү мугалимдин ролу чоң. Алар талантуу склпторлордун иштери аркылуу анын чыгармачылык фантазиясын, ой жүгүртүү жөндөмүн, баалуluktарын окутуп үйрөтүшөт. Студенттердин музейлерге, көргөзмө залдарга баруулары скульптуралык жогорку көркөм чыгармалар менен таанышуулары «искусство жаратылыш менен байланышкандай эле адамды руханий жактан байытат, көз карашынды кеңейтет, кылдат сезүүгө үйрөтөт» деп жазган [3, б.6].

Сулуулукту кабыл алуу процессинде инсандын эстетикалык, адеп-ахлактык сезими, искусствого болгон сый-урматы калыптанат. Бул искусство белгилүү бир маалыматты алып жүргөндүктөн, инсандын гроизонту кеңейип, скульптуранын тилин, колдонулуучу каражаттарды жана аткаруу ыкмаларын үйрөнүшөт. Скульптуралык көркөм чыгармалар аркылуу адамзат топтогон коомдук тажрыйбаны түшүнүүсү дагы маанилүү .

Скульптаралык чыгармалар ар кандай идеяларды, бүтүндөй коомдун ойлорун, сезимдерин, дүйнө таанымын чагылдырат. Ошентип, искусствонун бул түрү коомго таасир эте алат. Скульптуранын өзгөчөлүгү мазмуунунан, аны аткаруу үчүн материалды тандоодон жана чагылдыруу каражаттарынан көрүнөт. Материалдардын ар кандай каситеттери, көрүүчүнүн скульптодун ойлоп тапкан обарзын кабыл алууга, авторго анын өзгөчөлүгүн , динамикасын, кыймылынын пластикасы, жумшактыгы ж.б. берүүгө жардам берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Будайчиев Б.Д. Кыргызстандын көркөм сүрөт искусствосу: Окуу куралы. – Б.: «Полиграф бумресурсы», 2017. – 168б.
2. Дарвин Ч. Выражение эмоции у человека и животных. Т. 5. – М., 1953. – С. 196-199.
3. Карыбекова М. Көркөм сүрөт өнөрү, архитектура жана скулптура. Терминдеодин түшүндүрмө сөздүгү. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2004.
4. Капланский Б.Э. Слово к молодым. – М., 1958. – С.55.
5. Кыргыз сүрөт искусствосу: Энциклопедиялык окуу куралы/ Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. – Б.: 2004.
6. Шмидт И.М. Беседы о скульптуре.– М., Искусство, 2003.
7. Ермонская В.В. Основы понимания скульптуры. – Москва: Искусство, 1984 – С.55.
8. Яхонт О.В. Советская скульптура: Книга для учителя. – М., 1973. – С.53.

**Рецензент: философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Закиров У.А.**